DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2023

***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***
***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***HISTORICAL SCIENCES***

*Абылкасым уулу К.*

## XX КЫЛЫМДЫН 20-ЖЫЛДАРЫНДА КЫРГЫЗСТАНДА БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНИН НЕГИЗДЕЛИШИ

*Абылкасым уулу К.*

## ОСНОВАНИЕ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ УЧРЕЖДЕНИЙ В КЫРГЫЗСТАНЕ В 20-Е ГОДЫ XX ВЕКА

*Abylkasym uulu K.*

## FOUNDATION OF EDUCATIONAL INSTITUTIONS IN KYRGYZSTAN IN 1920 YEARS OF THE 20TH CENTURY

*УДК: 94.377.5.008*

*Макала 20-30-жж. маданий тармактагы модернизациялоо процессинин негизги багыттары болгон билим берүү мекемелеринин пайда болушун архивдик булактарга таянуу аркылуу анализ жүргүзөт. Макалада белгиленгендей 20-жылдары Кыргызстандын аймагында алгачкы профтехникалык окуу жайлары, техникумдар ачыла баштаган. Профтех окуу жайлардын катарына: профтехникалык мектептер, техникумдар, «горпромуч», «конторгуч», «стройуч», рабфактар, кустардык - кол өнөрчүлүк мектеби ж.б. Ошол эле учурда совпартшкол, Агартуу институту, айыл чарба, зооветеринардык, педагогикалык, медициналык техникумдар түзүлгөн. Макалада билим берүү мекемелеринин кесиптик багыттарын, материалдык техникалык базасы начар болгондугу белгиленет. Кадрлардын жетишпестиги башка республикаларга окууга жиберүү практикалангандыгы көрсөтүлөт. Рабфактын ишмердигине токтолгон автор, 1927-1928-окуу жылында Фрунзе шаарында педагогикалык рабфак ачылып, анда аталган окуу жылында 60 адам билим алышса, 1929-1930-жж. рабфакта (майда кол өнөрчүлөр мектеби) 162 окуучу билим алышып, алардын 103 кыргыз болгондугун белгилейт.*

***Негизги сөздөр**: модернизациялоо, мектептер, кадр, профтехникалык окуу жайлар, билим берүү, рабфак, курстар.*

*В статье на основе архивных материалов анализируются учебные учреждения как основное направление в процессе культурной модернизации 20-30 годов. Как отмечается в статье, в Кыргызстане в 20-е годы открываются начальные профтехнические заведения. К числу профтехобразования можно отнести: профтех школы, техникумы, горпромуч, конторгуч, стройуч, рабфак, мелко-кустарные школы и совпартшколы. Кроме того, создавались институты просвещения, а также сельскохозяйственные, зооветеринарные, медицинские и педагогические техникумы. В статье анализируется материально-техническая база учебных заведений. Отмечается, что из-за нехватки кадров практиковалась отправка студентов на обучение за пределы республики. Также, в статье анализируется деятельность рабфака. Отмечается, что в 1927-1928 учебном году во Фрунзе открылся рабфакультет, (школа ремеслеников) где в указанном учебном году обучалось 60 человек, а в 1929-1930 учебном году уже насчитывалось 162 человек, из них 103 составляли кыргызы.*

***Ключевые слова**: модернизация, школы, кадры, профтехучилища, образование, рабфак, курсы.*

*The paper analyzes the educational institutions as the main stream in the process of cultural modernization in the 20-30 years based on archival materials. As noted in the paper the first vocational schools were opened in Kyrgyzstan in twenties, which include: vocational schools, technical schools, «gorpromuch», «kontorguch», «stroyuch», workers' faculty, small-scale handicraft schools, Soviet party schools. In addition, the institute of education, agricultural, veterinary, medical and pedagogical technical schools were founded. The paper analyzes the material and technical bases of educational institutions; it is noted that due to a shortage of personnel, it was practiced to send them to study outside the republic; the activities of the workers' faculty. It has been mentioned that in the 1927-1928 academic year, a workers' faculty was opened in Frunze, where studied 60 people, later in 1929-1930 162 people studied in the workers' faculty, 103 of then were Kyrgyz.*

***Key words:** modernization, school, personnel, vocational education, education, workers' faculty, courses.*

XX кылымдын 20-30-жылдары Кыргызстандагы «маданий революцияны» ишке ашыруу мезгили катары каралат. Аталган мезгилди изилдөөдө акыркы жылдары илимде модернизация, коомду модернизациялоо түшүнүгү кеңири колдонула баштады. Көпчүлүк изилдөөчүлөр модернизация түшүнүгүн, советтик тарыхнаамада калыптанып калган «маданий революция» түшүнүгүнүн синоними катары колдонуп келишүүдө [1]. Модернизация түшүнүгү коомдун саясий, социалдык, экономикалык, маданий чөйрөсүн жаңылоого багытталган процесс катары баалап келишүүдө. «Маданий революция» түшүнүгү биринчи жолу В.И. Ленин тарабынан 1923-жылы «Кооперация» [2] аттуу эмгегинде капитализм менен күрөшүнүн этабы катары бааланса, кийинчерээк советтик маданияттын тарыхынын негизги концепциясын аныктоо иретинде колдонула баштаган. Аталган түшүнктөрдү эске алуу «маданий өзгөрүү», «маданий модернизациялоо», «маданий революция» түшүктөрүн синоним катары пайдалануу туура деген ойдобуз.

20-30-жж. Кыргызстандагы маданий тармакты модернизациялоонун негизги багыттарынын бири билим берүү системасын түзүү, сабатсыздыкты жоюу, маданий-агартуу мекемелери түзүү ж.б. тармак-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



тарда реформа жүргүзүү эле. Совет дооруна чейин Кыргызстандагы билим берүүнүн абалы начар өнүгүп, саналуу гана мекемелер болгон. Алсак, 1914-1915-жылдары Кыргызстандын бардык аймагында 103 башталгыч мектеп, 3 толук эмес орто мектеп, бир орто мектеп иштеп, анда 7041 гана окуучу билим алган [3, 7-б.]. Билим берүү тармагындагы Советтик маданий модернизациялоонун максаттарынын бири, баштапкы, орто, жогорку жайлары үчүн бирдиктүү программа, окуу планы, окуу китептеринин негизине таянган советтик билим берүү системасын калыптандыруу болгон.

Түрк АССР курамында болгон азыркы Кыргызстандын областарында алгачкы мектептерди уюштуруу, профессионалдык билим берүүчү мекемелерди түзүү аракеттери жүрө баштаган. Өзгөчө профессионалдык билим берүүчү мекемелерди түзүү зарылдыгы партиянын 1925-жылдагы ВКП(б) XIV съездинде өлкөнү индустриялаштыруу программасын кабыл алынышы менен актуалдуу тармактардын бирине айлана баштаган. Анткени жаңы түптөлө баштаган өнөр жай ишканалары үчүн жаш кадрларды даярдоо зарылдыгы жаралган. Кыргыз өкмөтү 20-жылдардан тарта эле профессионалдык билим берүү тармагын өнүктүрүүгө, уюштурууга аркеттерди жасай баштаган. Алгачкы ирет тоо-кен, айылчарба, кол өнөрчүлүк, медицина ж.б. тармактар боюнча профессионалдык техникалык адистерди даярдоочу билим берүүчү мекемелер түптөлө баштаган. Кыргызстандагы алгачкы профтехникалык (тарыхый булактарда фабрикалык-заводдук мектептер деп аталат) билим берген окуу жайдын бири «горпромуч» (тоо-өнөр жай училищасы) деп аталып, Кызыл-Кыя, Ош, Фрунзе шаарында ачылган. Училищанын максаты тоо-кен тармагында иштөөчү мастерлерди даярдоого багытталган. «Горпромуч» 1923-жылы Кызыл-Кыяда ачылып анда шахтада иштеген жумушчулардын балдары билим ала баштаса, ушул эле 1923-жылы Ош округунда «горпромуч» мектеби иштей баштаган [4]. Кызыл-Кыя шаарындагы «горпромуч» училищасынын базасында кийин тоо-кен техникуму түзүлгөн. Оштогу «горпромуч» мектебин 1927-жылы 6, 1928-жылы 9, 1929-жылы болсо 4 киши бүтүрүп, мектеп 2 адистик: тоо адистиги, тоо-механик адистерин даярдашкан [4].

Фрунзе шаарында ачылган профтех билим берүү мекемеси «конторгуч» - деп аталып, аталган мектеп Эл агартуу комиссариатны тарабынан каржыланып, мектеп кооперациялар, чарбалар, мамлекеттик мекемелер үчүн кызматкерлерди даярдоого багытталган. Окуу орус тилинде жүргүзүлүп, кыргыздар, өзбектер, татарлар ж.б. улуттун өкүлдөрү билим алышкан. Бирок материалдык-техникалык базасы начар абалда болгондугу, билим алуу үчүн тийиштуу окуу жайлардын жетишсиздиги, тарыхый булактарда көрсөтүлөт [4]. Архивдик маалыматтар боюнча 1928-1929-жылдары Кыргызстандын аймагында 12 профтехникалык окуу жайы болуп, анда 992 адам билим алган [5].

Билим берүү тармагындагы мекемелердин бири-техникумдар болгон. Кыргызстан агрардык өлкө болгондуктан биринчи кезекте айыл чарба тармагы үчүн керектүү адаистерди даярдоо зарыл эле. 1922-жылы Пишпек шаарында айылчарба техникуму түзүлүп, анда 62 окуучу билим алышып, 15 мугалим сабак берип турган. Техникум айыл чарбасына керектүү агроном адистерди даярдоого багыталганы менен иш жүзүндө техникумдун базасында трактор, айыл чарба техникалары болбогондуктан окуучулар практикалык иштерди жүргүзө алышкан эмес - деп көрсөтүлөт архивдик булактарда [5].

Айыл чарбасына багытындагы техникумдун бири 1924-жылы январь айында Каракол шаарында ачылган. 1928-1929-окуу жылынан тарта өкмөттүн токтому менен Каракол шаарындагы сельхоз техникумду зооветеринардык техникум кылып кайра түзүлгөн. Архивдик документтерде көрсөтүлгөндөй техникумда окуу иштери системасыз жүргүзүлүп, окуу практикалык иштери үчүн бөлүнгөн «бай чарбасы (жер тилкеси, бакчасы) рентабельдүү эмес болгон», ошол эле учурда техникумда терс көрүнүштөрдүн орун алгандыгы белгиленип: «техникумга чочкону алып келгенде (окуу процессине байланыштуу) окуучулар окуудан баш тартышкандыгы сүрөттөлөт [5]. Демек жогорудагы факты окуучулардын арасында диндин таасири күчтүү экендигин айгинелейт.

Айыл чарба багытындагы 1 жылдык педтехникум 1924-жылы Ош шаарында ачылып, анда 112 адам билим алса, алардын 19 аялдар болушкан. Ал эми 1926-жылы Жалал-Абад шаарында ачылган педтехникумга, 1928-жылы Оштогу педтехникум көчүрүлүп, айыл чарбасы үчүн керектүү адистер билим ала баштаган. Алсак, 1928-жылга карата техникумда 480 окуучу билим алса, анын 367 кыргыз жаштары болгон [6, 135-б.].

Профтехникалык билим берүүнүн дагы бир түрү – бул «Дыйкан жаштарынын мектеби» болгон, республика боюнча 3 мектеп иштеп, алардын бири Токмок шаарында уюштурулган. 1929-жылы республика боюнча 5 «дыйкан жаштарынын мектеби» иштеп, анда 220 окуучу билим алган [7].

Аталган мезгилдеги билим берүү тармагындагы өзгөчөлүктөрдүн бири, аялдарды билим алууга тартуу болгон. Бул максатта алгачкы ирет аялдардын билим алуусуна багытталган профтехникалык мектептер уюштурула баштаган. 1928-1929-окуу жылына чейин республиканын: Фрунзе, Каракол, Ош, Жалал-Абад шаарларында 4 аялдардын профтех мектеби иштеп турган [7].

Профтехикалык мектептин максаты жергиликтүү элдин арасынан кездеме, килем тигүү ж.б. өндү-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



рүш тармагында мастерлик кызматта эмгектенүүчү айыл жергесине аял-кыздарды даярдоо болгон. Алар үчүн мектеп-интернаттар уюштурулуп, 2-беш жылдыкта өкмөт тарабынан 294 аял кишилерди даярдоо пландаштырылган [7]. Аялдардын профтех мектептеринин бири бул – акушердик курстары болгон. Аялдардын акушердик курсунун базасынан, 1928-1929-окуу жылынан тарта медициналык техникум түзүлгөн. Техникумдун негизги максаты жергиликтүү элдин өкүлдөрүнөн орто квалификациялуу медициналык персоналдарды даярдоо болгон. 1927-1928-окуу жылында 72 адам билим алып, 1927-1928-окуу жылында биринчи жолу 27 адам бүтүргөн [7].

Профессионалдык техникалык билим берүү мекемелердин катарына жумушчу факультеттер (рабфак), «майда-кол өнөрчүлөр мектептерин» атоого болот. Биринчи жумушчу факультет 1927-1928-окуу жылында ачылып, экинчи рабфакты 1929-1930-жылы ачуу пландаштырылып, 5 жыл аралыгында 90 адамды бүтүрүү пландаштырылган [7].

Аталган факултеть жумушчулардын билимин өркүндөтүү, келечекте жумушчу катмарынын калыптанышына чоң салым кошкон. Ал эми майда-кол өнөрчүлүк мектебинде жумушчулардын, батрактардын, жетим-жесирлердин балдары кабыл алынган. Мектеп слесарь, темир усталар, жыгач уста, өтүкчү жана тигүүчүлөрдү даярдоо максат кылган. Республика боюнча 1-2 беш жылдыкта 130 окутуу пландаштырылган [5].

Республикада профтехникалык кадрлар жетишпегендиктен, башка республикаларга окутуу практикалана баштаган. Алсак 1928-1929-окуу жылында Кыргызстандан тышкары 625 адам билим алса, аларга 1929-1930-окуу жылында 115 мин рубль пособие (стипендия) бөлүнүп берилген. Төмөнкү таблицадан 1925-1929-жж. аралыгында Кыргызстандан сырткары билим алууга жөнөтүлгөндөрдүн улуту, саны төмөнкүдөй болгон [5]:

| Улуту боюнча | 1925-1926 | 1926-1927 | 1927-1928 | 1928-1929 |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыздар | 67 | 264 | 191 | 239 |
| Орустар | 79 | 100 | 191 | 202 |
| Татарлар | 16 | 51 | 28 | 33 |
| Өзбектер | 5 | 44 | 48 | 63 |
| Уйгурлар | 5 | 22 | 18 | 23 |
| Дунгандар | 14 | 22 | 17 | 16 |
| Украиндер | - | - | 26 | 28 |
| Башкалар | 20 | 19 | 15 | 20 |
| Баары | 206 | 522 | 534 | 624 |

Жогорудагы таблицадан республикадан сырткары билим алууга жөнөтүлгөндөрдүн саны жылдан жылга өсүп тургандыгын байкоого болот. Республикадан көбүнчө Москва, Ленинград, Алма-Ата, Казань, Ташкент ж.б. шаарларына жөнөтүлүп, ал студенттерге мамлекет тарабынан стипендия төлөнүп турган.

Кыргызстандагы педагогикалык кадрларды даярдоо максатында 1925-жылы Пишпек шаарында биринчи болуп Агартуу институту (Инпрос) ачылат. Институт келечектеги улуттук интеллигенция өкүлдөрүн даярдоочу мекемеге айланган. 1928-жылдан тарта Агартуу институту республикалык педтехникумга айланып, ага 7 жылдык билим берүү системасы киргизилип: 3 жыл даярдоо, 4 жыл негизги курсту окушкан. Пед техникум 1929-жылы алгачкы бүтүрүүчүлөрдү даярдап чыгарган.

Республикадагы мугалим кадрлардын жетишпегендигин чечүү максатында 1927-1928-окуу жылында Советтердин биринчи учредительдик съездинде Фрунзе шаарында педагогикалык рабфак ачуу чечими кабыл алынган. Ачылган педрабфакта аталган окуу жылында 60 адам билим алышса, 1929-1930-жж. рабфакта 162 окуучу билим алышып, алардын 103 кыргыз болушкан [6, 135-б.] 1932-жылдан тарта педагогикалык институтун ачылышы менен рабфак институттун негизги базасы болуп калган.

Республикадагы билим берүү мекемелеринин бири «совпарт школдор» (советтик-партиялык мектеп). Республикада 1927-жылдан тарта «совпарт школдор» уюштурула баштап, мектептин максаты партиялык, комсомолдук кызматкерлерди даярдоо болгон. «Совпарт школдор» Фрунзе шаарында-2. Ош шаарында-1 болгон [4].

20-жылдардагы ачылып, билим бере баштаган профтехникалык билим берүү мекемелеринин материалдык-техникалык базасы, окуу процессинин уюштурулушу, окуу программалары, жайгашкан жайлары, окутуучулар курамы, билим деңгээли негизинен начар болгон. Архивдик булактарда айыл чарба, зооветеринардык техникумдарда окуучулар 15-20% окуу куралдары менен камсыз болушса, Фрунзедеги агрономдорду даярдоочу айыл чарба техникумунда окуучулар трактор гана эмес башка айыл

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



чарба техникалары менен тааныш болушкан эмес [5]. Профтехникалык билим берүү тармагындагы даярдалган кадрлар өнөр жай ишканаларында, айыл чарбасында кызмат аткарышкан «квалификациялуу» жумушчу катары эмгектенишкен. Бирок, профтехникалык билим берүү тармагынын кийинки жылдарда өнүгүшү, республикадагы жумушчу катмарынын пайда болуу өзөгүн түзө баштакан.

Демек, 20-жылдардан тарта Кыргызстандын аймагында алгачкы профтехникалык окуу жайлары ачыла баштаган. Алгачкы түптөлгөн профтех окуу жайлардын катарына: профтехникалык мектептер, техникумдар, горпромуч (тоо-кен-өнөр жай училищасы, конторгуч (контордук-соода училищасы), стройуч (курулуш училищасы) акушердик курсы, кустардык-кол өнөрчүлүк мектеби ж.б. пайда болгон.

Профтехникалык билим берүү тармагында даярдалган жаңы кадрлар, келечектеги жумушчу катмарынын, улуттук интеллигенциянын түптөлүшүнө шарт түзүшкөн. 20-жылдары билим берүү тармагында жүргүзүлгөн өзгөчөлүктөрдүн бири көчмөн жарым көчмөн шартта жашап келген кыргыздарга «чогуу окутуу» тартибин киргизүү, мектеп имараттарын түптөө, советтик жаны типтеги мектептерди куруу башталган.

Мугалимдик кадрлардын жетишсиздиги курстарды ачуу, кайра окутуу, борбор шаарларга жөнөтүү ыкмалары колдонула баштаган. Жаңы калыптана баштаган советтик мектеп тармагында бир катар кемчиликтер орун алган. Алардын катарына: материалдык-техникалык базанын начардыгы, квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги, окуу куралдарынын эне тилиндгеги жоктугу, окуу процессинин системалашпагандыгы болгон. Ал эми 1924-1929-жж. РСФСР курамындагы КАО, КАССР түзүлүшү менен билим берүү тармагы айрым өзгөрүүлөргө учураган. Мектеп тармагы, окуучулардын контингенти өзгөрүлүп, аялдарга билим берүү, профессионалдык-техникалык билим берүү тармагы калыптана баштаган.

**Адабияттар:**


1. Евдокимов М.И. Культурная модернизация и культурная революция: диффренцация понятий//w.w.w.gramot.net.
2. Ленин В.И. О кооперации. В.И. Полное собрание сочинений. - Изд. 5-е.Т.45. - Москва, 1970.
3. Краткий статистический справочник хозяйственного и социально-культурного строительства киргизской ССР за 20 лет Великой Октябрьской революции. - Фрунзе, 1937.
4. ЦГА. КР. Ф-688, оп.1. ед. хран-360. / Докладная о состоянии народного образования и нового алфавита в Ошском округе. / Джала-Абадском и Ошском кантонах.
5. ЦГА. ПД. КР ф-10.оп.2.ед хран.814. / Доклад о состоянии народного образования по Кирг. АССР. // Докладные записки и переписки с кантонами, райкомами. Окружкомами ВКП(б) и Наркомпросом КиргАССР по народному образованию.
6. Измайлов А.Э. Очерки по истории Советской школы в Киргизии за 40 лет (1917-1957 гг.). - Фрунзе, 1957.
7. ЦГА ПД КР .-Ф.10.оп.-2, ед.хран.798.